
## 4.2. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемологиялык жана гигиеналык эрежелер  жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук эрежелери.)

Бекитемин
№4 Ысмайилов уулу Исматындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин директору Г.Шаймкова
1-сентябрь 2022ж

## 1-4-класстарга тамак берүү боюнча иш план

| № | Иштелүүчү иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Ашкананын ичин ремонттоо Техникалык каражаттардын иштешин көзөмөлдөө. Электр туташтырууларын иретке келтирүү | Август Сентябрь | Чарба иштери боюнча директордун орун басары |
| 2 | Инженердик – техникалык коммунакацияларды пайдалануудагы коопсуздукту көзөмөлдөө | Дайыма | Чарба иштери боюнча директордун орун басары |
| 3 | Ашпозчу жана ашкана жумушчусунун медициналык кароодон өтүшүн көзөмөлдөө. Кызматтык милдеттери менен тааныштыруу | сентябрь | директор |
| 4 | 1-4- класстарга тамак-аштын берилишин талапка ылайык көзөмөл жүргүзүү | дайыма | Башталгыч класстын бирикме жетекчиси |
| 5 | Ашкана кызматкерлеринин иш абалын көзөмөлдөө | Дайыма | директор |
| 6 | Иштелген иштер боюнча ай сайын маалымат берүү | Ай сайын | ашпозчу |
| 7 | Меню жана калькуляция боюнча тамактын берилишине көзөмөл жүргүзүү | дайыма | директор |
| 8 | 1-4-класстардын ата-энелерине чогулуш өтүү жана тамак –аштын берилиши жөнүндө маалымат берүү | Чейрек сайын | Башталгыч класстын бирикме жетекчиси жана ашпозчу |
| 9 | 1-4-класстарга алынган азыктар боюнча райондук билим берүү бөлүмүнө отчет берүү | Ай сайын | Ашпозчу |

Завхоз С.Матисаев


Бекитемин
№4 Иманберди уулу Иса атындагы
жалпы билим берүүчү орто мектебинин
директору Г Шайыкова
"10" 2022-жыл

1-4-класстарга берилүүчү шашке тамагы боюнча түзүлгөн
МЕНЮ

| Күндөрү | Берилүүчү тамактын аталышы |
|---|---|
| 1-күн | Рожки, нан, компот |
| 2-күн | Чечевица шорпо, нан, компот |
| 3-күн | Күрүч ботко, оромо, компот |
| 4-күн | Буурчак шорпо, нан, компот |
| 5-күн | Гречка, нан, компот |

Ашпозчу: Шерипова Тамара










2022/5/30 15:18


2022/5/30 15:18


2022/5/30 15:18




2022/5/30 15:19

Бекитемин
№4 Иманберди уулу Иса атындагы
жалпы билим берүүчү орто мектебинин
директору __________ Г.Шайыкова
1-сентябрь 2022ж.

## Кышка карата даярдык боюнча иш план

| № | Иштелүүчү иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким жоопту |
|---|---|---|---|
| 1 | Кышка карата даярдык көрүү<br>Насос, кыймылдаткычтарды майлоо, тетиктерин текшерүү.<br>От жаккыч системасын тазалоо.<br>От жагуучу жайды жана көмүркананы иретке келтирүү | Сентябрь октябрь | Чарба иштери боюнча директордун орун басары |
| 2 | Инженердик – техникалык коммунакацияларды пайдалануудагы коопсуздукту козомолдоо. | Дайыма | Чарба иштери боюнча директордун орун басары |
| 3 | Мезгилдүү от жаккычтарды кызматка алуу<br>Кызматтык милдеттери менен тааныштыруу | ноябрь | директор |
| 4 | Көмүрдүн нормасын бөлүштүрүү<br>Жылуулукту көзөмөлдөө | Ай сайын | директор |
| 5 | От жагуучу кызматкекрлердин иш абалын көзомолдөө | Дайыма | Чарба иштери боюнча директордун орун басары |
| 6 | Иштелген иштер боюнча ай сайын маалымат берүү | Ай сайын | Чарба иштери боюнча директордун орун басары |

Завхоз С.Матисаев

№4 Иманберди уулу Иса атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жылуулугу  боюнча иш чараларды өткөрүү боюнча маалымат

Мектептин жылуулугу боюнча иш пландар түзүлгөн.

От жагуучу кызматкелерге графиктер түзүлгөн.

Мектептин жылуулугу 17-18$^0$ берип жатат.

Көмүр жалпы  85 тонна   түшүрүлдү.

Мектептин жылуулугун көзөмөлдөө  чарба иштери боюнча директордун орун басары  С.Матисаевге милдеттендирилген.

Мектеп директору                    Г.Шайыкова

Бекитемин
№4 Иманберди уулу Иса атындагы
жалпы билим берүүчү орто мектебинин
директору: ________ Г.Шайыкова
1-сентябрь 2022ж

**Техникалык жана өрт коопсуздугун сактоо.**

| Иштелүүчү иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|
| 1.Мектептин мугалимдерине, техперсоналдарга техникалык коопсуздук, өрт коопсуздугунун эрежеси, окуучулардын өмүрүн сактоо боюнча инструктаж өткөрүү. | Сентябрь Январь | Администрация |
| 2.Инженердик – техникалык коммунакацияларды пайдалануудагы коопсуздукту көзөмөлдөө. | Дайыма | Директор |
| 3.Окуучулар менен техникалык коопсуздук, өрт коопсуздугу, травма, оз өмүрүн сактоо боюнча инструктаж өткөрүү. | Сентябрь, декабрь, март. | Кл.жетекчилер, химия, ИВТ, кол эмгек. |
| 4.Жаны жылдык ёлка мезгилинде өрт коопсуздугун сактоо боюнча педагогикалык коллектив, мектептин окуучулары, кызматчылары менен иш чараларды жүргүзүү. | Декабрь | Тарбия завуч |
| 5.Электр жарыгын өткөргүчтөрдү электр точкаларын, электр күйгүзүүчү точкалардын оңдолушун көзөмөлдөө. | Дайыма | Чарба иштери боюнча директордун орун басары |

Завхоз С.Матисаев

Бекитемин
№4 Иманбердi уулу Иса мектебинин
директору: ____________ Г. Шайыкова
1-сентябрь 2022-ж.

**Өрт –материалдык чыгымдарга алып келүүчү, адамдардын ден соолугуна жана өмүрүнө, мамлекеттик же коомчулук кызыкчылыктарына зыян келтирүүчү, көзөмөл кылууга болбогон күйүүпроцесси.**

**Ар кандай өрт төмөнкү үч шарттан пайда болот: күйүүчү материал, тутануу булагы, кычкылдангыч.**

**Өрттү түзүүчү факторлор болуп от, түтүн, күл, кээ эсептелет.**

***Өрттүн келип чыгышынын негизги себептери:***

- Отко шалаакылык менен мамиле жасоо.
- Газ жабдууларын, электр приборлорун иштетүүдө,мешке от жагууда коопсуздук техникасынын эрежелерин бузуу.
- Электр ширетүү жана куйгузүү иштерин жүргүзүүнүн эрежелерин бузуу.
- Кокусунан же атайылап өрттөө.
- Коопсуздукту төтөцогонлук, өрттөн болуучу кесепеттерди билбегендик же маани бербегендик.
- Чагылгандын түшүүсү.
- Балдардын от менен, өзгөчө ширенке менен ойноосу.
- Өзүнөн өзү күйүү.

*Башталган өрттүн белгилери:*

- Түтүндүн жыты.
- Анча-мынча от, жалын.
- Күйгөн резинанын же пластмассанын мүнөздүү жыты, электр тармагындагы чыңалуунун төмөндөшү, электр энергиясын берүүнүн үзгүлтүккө учурашы – электр өткөргүчтөрүнүн күйүшүнүн белгилери.
- Кирс беришке, тепкич аянтчаларында адамдардын тынчсызданa жүгүрүүсү.

Кырдаалды тезинен баалоого аракет кылыңыз. Эгер бул анчалык чоң эмес күйүү болсо (ашканадагы терезе парда, чүпүрөк ж.б.) жалынга суу чачып же анын очогун калың чүпүрөк менен жаап өзүңүз өчүрсөңүз болот. Эгер электр приборлору күйүп жаткан болсо (телевизор, утюг ж.б.) адегенде сөзсүз токтон ажыратыңыз. Качан гана өрт токтогондугуна көзүңүз жеткенден кийин түтүн болгон имараттын ичин желдетиңиз.

Сиз имараттын кончулук болугун өрт каптаган учурда гана көрүп калдыңыз. Тезинен «101» номуру боюнча «Бирдиктүү күзөт-диспетчердик кызматына» телефон чалыңыз.

Эгер үйүңүздө телефон жок болсо, коңшуларга, өтүп бараткандарга кайрылыңыз. Сиз Бирдиктүү күзөт-диспетчердик кызматына өзгөчө кырдаал тууралуу канчалык тез кабарлаган болсоңуз, куткаруучулар жана өрт өчүрүүчүлөр окуя болуп жаткан жерге ошончолук тез келишет.

Эгерде мектеп ичинде уруксатсыз өз алдынызча электр тогун туташтырсаныз же өрттүн чыгуу себептерине жол берсеңиз жоопкерчиликти өзүңүз тартасыз.

Тааныштым __________________________

Бекитемин
№4 Иманбердиев(?) Иса мектебинин
директору ____________ Г. Шайыкова
1-сентябрь 2022-ж.

## Тиричиликтеги коопсуздук

Электр тогуна урунуунун негизги себептери төмөнкүлөр:

- чыңалуу астындагы ачык өткөргүчкө, же электр өткөргүч линияларынын үзүлгөн жерине кокустан тийип алуу;
- бузулган электр тиричилик буюмдарын, же электр жабдыктарын эксплуатациялоо;
- коопсуздук техникасынын талаптарынын бузулушу;
- коркунучту билбөө же бейкапардык.
- Электр тогунан травма алууну алдын алуу үчүн төмөнкү негизги талаптарды аткаруу керек:
- жерден чыгып турган, салаңдап турган өткөргүчтөргө жакындабагыла жана баспагыла;
- электр тогуна урунган адамга жылаңач колду тийгизбегиле, ал адамдан электр тогунун соккусуна дуушар болосуңар;
- эч качан сууланган колду электр приборлоруна тийгизбегиле, розетканы, ажыратып – туташтыргычты, өткөргүчтөрдү кармабагыла,суу электр тогун эң жакшы өткөргөн өткөргүч;
- коргонуунун жеке каражаттарын колдонгула;
- электр өткөргүчү түшүп калган жерге жакындабагыла.

Турмуш-тиричиликтеги өрттүн себептери

- от жана тез күйүүчү заттарды этиятсыз колдонуу;
- электр жабдыктарын жана электр приборлорун колдонуу эрежелеринин бузулушу;
- айыл жерлеринде от жагуучу мештерди пайдалануу эрежелеринин бузулушу;
- электр жабдыктарынын жана электр приборлорунун бузуктугу;
- газ жабдыктарын, приборлорун колдонуу эрежелеринин бузулушу.
- өрт коопсуздугунун чаралары; Электр приборлорун колдонгон учурда:
- иштеп жаткан электр приборлорун кароосуз калтырбоо;
- бузулган же колдо жасалган электр приборлорду колдонбоо;
- телевизор, электр жылыткычтарын иштетип коюп, уктап калбоо;
- бир розеткага үчтөн көп электр приборлорун сайбоо;
- иштен чыккан электр сактагычына мык, зым ж.б. такпоо;
- колго жасалган электр узарткычтарын колдонбоо;
- электр чырактарын тез күйүүчү материалдар, кездеме, кагаз ж.б. менен ороо;
- иштеп жаткан электр жабдыктарын ордунан жылдырбоо;
- электрдин ажыратып- туташтыргычтарга ж-а электр розеткаларына кийим –кечелерди илбөө;
- изоляциясы ачылып калган электр узарткычтарын, электр өткөргүчтөрүн колдонбоо керек,
- Жылытуучу мешти колдонгон учурда:
- жылытуучу мештин жанына күйүүчү заттарды койбоо;
- жылытуучу мештин жанына бензин, керосин, сыр куюлган идиштерди койбо
- жаш балдарды кароосуз калтырбоо;
- ширеңке, май чырак жана башкаларды балдар жете албай турган жерге сактоо.
- Кичине балдар бар болсо, электр розеткаларды атайын капкактар менен жабуу;
- электр өткөргүчтөрүн бекем сактоо же изоляциялоо;
- өрт чыккан учурда тез арада ичинде «101» телефону аркылуу өрт кызматкерлерине кабарлоо
- жабыркагандар болсо, «103» телефону аркылуу медицина кызматкерлерине кайрылуу;
- ошондой эле өрт чыкканда универсалдуу же порошок салынган өрт өчүргүч, же кийиз, же кум толтурулган чака, же башка идиштердин болушу керек.
- Жогоруда айтылган өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо, сиздин кызматыңыз.

Эгерде мектеп ичинде уруксатсыз өз алдыңызча электр тогун туташтырсаңыз же өрттүн чыгуу себептерине жол берсеңиз жоопкерчиликти өзүңүз тартасыз.

Тааныштым ______ Эсенбердиева А.М.

№4 Иманберди уулу Иса атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин өрт коопсуздугу боюнча иш чараларды өткөрүү боюнча маалымат

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 8-декабрь 2020-жылдагы №1001/1 "Мектепке чейинки мекемелердин тарбияланyyчуларына , мектеп окуучуларына жана студенттерге өрттүн алдын-алуу боюнча тарбиялык жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү 1жөнүндө" жана Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүнүн 11.12.2022-жылдагы № 97-б буйругун аткаруу максатында өрттүн алдын-алуу боюнча балдар менен өсүрүмдөр арасында тарбиялык иштерди жакшыртуу жана мектепте өртко жол бербоо максатында төмөндөгүдөй иш чаралар аткарылды:

- Өрт коопсуздугу боюнча буйрук чыгарылды.
- Өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча иш план иштелип чыгып, тиешелүү кызматкерлерге милдеттендирилди
- Окуучуларга "Өрт коопсуздугунун алдын алабыз" теген темада тарбиялык саатгар өтүлүп, роликтер көрсөтүлдү. Мектептин залына өрт коопсуздугу боюнча ролик күнүго көрсөтүлүп жатат.
- Мектептин кызматкерлерине сентябрь айында өрт жана техникалык коопсуздук боюнча инструкция өткөрүлгөн жана ар бир кызматкерге тааныштырылып, кол тамгасы коюлган.
- Мектептин чыгуу эшиктери күндүз илгич менен илинет, түнкүсүн кулпталып, ачкыч ар бир эшиктин жанында илинип турат.
- Өрт өчүрүүчү щить талапка ылайык камсыздалган.
- Өртко каршы сигнализация коюлган эмес, ал боюнча эми айыл өкмөткө кат менен кайрылабыз
- Мектепке тез күйүүчү заттарды колдонууга тыюу салынып, ар бир класс жетекчиге маалымат берилген.
- Окуучуларды өзгөчө кырдаалга профилактика жүргүзүү максатында мектепте эвакуациялоо боюнча иш чара өткөрүлдү.
- Окуучулардын "Турмуш тиричилик коопсуздугу " сабагын талапка ылайык окутуу көзөмөлдөнүп жатат.
- От жагуучу кызматкерлерге жана техникалык кызматкерлерге жекече өрт жана техникалык коопсуздук боюнча чогулуш өтүлдү.

Мектеп директору Г.Шайыкова

**№4 Иманберди уулу Иса атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде жолдо жүрүү эрежелери боюнча өтүлгөн иш чараларга маалымат.**

Мектепте жолдо жүрүү эрежелери боюнча 1-11-класстын окуучуларына түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Ар бир класска ачык тарбия сааттар өткөрүлдү. Сабактарда слайд, видео, сүрөттөр көрсөтүлдү. Сабактардын жыйынтыгында окуучулар жолдо жүрүу эрежелери боюнча кененирээк түшүнүк алышты. 7-класстын окуучулары жолдо жүрүү эрежелери боюнча мастер клас өтүштү. 1-4-класстын окуучуларына сүрөт көргөзмөсү уюштурулуп, эң мыкты сүрөт тартып келген окуучуларга кызыктыруучу сыйлыктар тапшырылды.





Уюштуруучу: Ж.Эгембердиева